«БАКАЙ БАНК» AAKтан «BAKAI & Shoro менен жай мезгили»

дем берүүчү акциясынын шарттары

## 1. ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР

1.1. Ушул Эрежелер «BAKAI & Shoro менен жай мезгили» акциясынын баяндоосу болуп саналат (мындан ары – Эрежелер), Акцияны өткөрүү тартибин, катышуу шарттарын, байге фондун, жеңүүчүлөргө утуштарды берүү тартибин жана шарттарын, ошондой эле анын башка шарттарын аныктайт.

1.2. BAKAI & Shoro менен жай мезгили» акциясынын (мындан ары – Акция) уюштуруучусу "БАКАЙ БАНК" ААК (мындан ары – Банк) болуп саналат.

1.3. Акция 2026-жылдын 1-июнунан баштап 2026-жылдын 31-августуна (ошол күндү кошо алуу менен) чейин уланат.

1.4. Банк Акциянын мөөнөтүнө өзгөртүүлөрдү киргизүү укугун өзүндө калтырат (токтотуу же узартуу). Мөөнөтү өзгөргөн учурда Банктын www.bakai.kg (мындан ары – «Банктын расмий сайты») сайтына жайгаштыруу аркылуу кардарларга билдирилет.

1.5. Акция дем берүүчү лотерея болуп саналбайт. Жеңүүчүлөрдү аныктоодо кокустук принциби колдонулбайт (жеңүүчүнү тандай турган атайын алгоритм колдонулат).

1.6. Акция бардык жеке адамдар үчүн арналган, алар менен кызматташуу төмөнкү максаттарга жетүүнү болжолдойт:

– «BAKAI» мобилдик тиркемесине жаңы колдонуучуларды тартуу;
– Банкка тейлөөгө жаңы кардарларды тартуу;
– «BAKAI» мобилдик тиркемесин колдонууга шыктандыруу.

1.7. **Акцияга төмөнкүлөр катыша алышат:**

– 16 жашка толгон, «BAKAI» мобилдик тиркемесинин колдонуучусу болуп саналган жана Акцияга катышуу үчүн керектүү шарттарды аткарган жеке адамдар (Кыргыз Республикасынын резиденттери жана резидент эместери).

1.8. **Акцияга төмөнкүлөр катыша алышпайт:**

– Банктын жогорку кызмат адамдары, кызматкерлери, Банкка жарандык-укуктук келишимдердин негизинде кызмат көрсөтүүчү адамдар (промоутерлер дагы), ошондой эле алардын жакын туугандары, жубайлары, балдары, ата-энелери жана бир туугандары.
– «БАКАЙ БАНК» ААК менен аффилирленген жана байланышкан уюмдардын кызмат адамдары жана кызматкерлери;
– «ШОРО» ЖАКтын кызматкерлери.

1.9 Утуш түрүндөгү кирешени төлөөдө салыктарды төлөө менен байланышкан милдеттерди Банк аткарат.

## 2. ЖАЛПЫ ТЕРМИНОЛОГИЯ

2.1 **Кардар** – банктык кызматтарга муктаждыгы жогору болгон, чекене кардар катары кандай өлчөмдөгү болбосун кызматтарды колдонгон же колдонууга ниеттенген, Банктан тейлөө алууну пландаштырган же Банкта азыркы учурда тейлөөдө болгон жеке адам.

2.2 **BAKAI мобилдик тиркемесинин колдонуучусу – BAKAI** мобилдик тиркемесинде катталган жеке адам.

2.3 **BAKAI мобилдик тиркемеси**— Кардарга мобилдик түзүлүш жана\же Интернет тармагы аркылуу банктык жана башка сервистерге жеткилик берүү үчүн, ошондой эле акча каражаттарын тескөө мүмкүндүгүн сунуштоо үчүн арналган Банктын программалык камсыздоосу.

2.4 **QR-код** —төлөм жөнүндөгү маалыматты камтыган атайын кодду сканерлөө аркылуу төлөө ыкмасы.

2.5 **«ШОРО» ЖАКтын соода түйүнү** —Бишкек шаарынын көчөлөрүндө "ШОРО" ЖАКтын улуттук суусундуктарын сатуу түйүндөрү.

2.6 **Белек** – ушул Эрежелердин шарттарына ылайык, Акциянын жеңүүчүлөрүнө берилчү сыйлык.

2.7 **«Бакай Маркет» (BAKAI Store) ЖЧК—BAKAI** мобилдик тиркемесинде жеткиликтүү болгон, Банктын өнөктөштөрүнөн товарларды жана кызматтарды сатып алуу үчүн арналган маркетплейс.

## 3. БАЙГЕЛИК ФОНД

3.1 Акциянын байгелик фонду Банктын эсебинен түзүлөт жана төмөнкү Белектерден турат:

– iPhone 17 Pro Max смартфону – 12 даана;
– AirPods үн кулагы – 12 даана;
– AirPods Max үн кулагы – 3 даана;
– Фен-стайлер Dyson – 1 даана;
– **BAKAI Store** номиналы менен промокоддор 1000 сом – 1000 даана.

3.2 Белектерди акчалай эквивалентине, ошондой эле башка товарларга же кызматтарга алмаштырууга болбойт.

3.3 Жеңүүчүлөр "БАКАЙ БАНК" ААКтын автоматташтырылган банктык системасынын маалыматтарынын негизинде аныкталат.

## 4. АКЦИЯГА КАТЫШУУНУН ШАРТТАРЫ

4.1 Для участия в Акции Участнику необходимо: Акцияга катышуу үчүн:

– "БАКАЙ БАНК" ААКтын кардары болуп, BAKAI мобилдик тиркемеси аркылуу төлөм операцияларына жеткиликтүүлүккө ээ болуусу керек;
– BAKAI мобилдик тиркемесинин 5.1.3. версиясынан кем эмес болгон акыркы жеткиликтүү версиясын колдонуу керек;
– Саат 07:00дөн 21:00гө чейин "ШОРО" ЖАКтын Бишкек шаарындагы кайсы болбосун түйүнүндө куюлуп сатылган суусундук үчүн BAKAI тиркемеси аркылуу Bakai Business QR-кодунун жардамы менен төлөө. Бир транзакция үчүн минималдык сумма 24 (жыйырма төрт) сом болуусу керек.

4.2 Мобилдик тиркеменин версиясын текшерүү үчүн төмөнкүлөрдү аткаруу керек:

– Мобилдик тиркемеге кирүү;
– Башкы экранда өзүнүн профилин тандоо;
– "Негизгилер" бөлүмүнө кирип, "Система жөнүндө" бөлүмүнө өтүү жана тиркеменин акыркы версиясын салыштырып текшерүү.
– Зарыл учурда Google Play (Android колдонуучулары үчүн) же App Store (iOS колдонуучулары үчүн) мобилдик операциялык системаларын жаңыртуу.

4.3. Чет өлкө валютасында жүргүзүлгөн транзакциялар Акцияга катышпайт.

4.4. QR-код аркыдуу төлөм жүргүзгөн адам автоматтык түрдө Акциянын катышуучусу болуп калат жана Акциянын бардык шарттарын сактаса, белектердин ойнотулушуна катышат.

4.5. Түзүлүштүн эс тутумунда же галереядан жүктөлгөн QR-кодду колдонуу менен жүргүзүлгөн транзакциялар Акциянын алкагында эсепке алынбайт жана Жеңүүчүлөрдү аныктоодо эске алынбайт.

## 5. БАЙГЕЛЕРДИН ЖАНА ЖЕҢҮҮЧҮЛӨРДҮН КАТЕГОРИЯЛАРЫ

**5.1. Жума сайынкы жеңүүчүлөрдүн категориясы:**

5.1.1. Акция жүргүзүлгөн ар бир жума ичинде Банктын автоматтык системасынын маалыматтарына ылайык сегиз миңинчи жана он алты миңинчи транзакцияны жүргүзгөн катышуучулар бул категориянын жеңүүчүлөрү болуп саналат:

- 8 000- транзакция –**AirPods 4 үн кулагы;**
- 16 000-транзакция –**iPhone 17 Pro Max 256 GB** смартфону**;**

5.1.2. Ар жумалык категориянын жеңүүчүсү деп табылган катышуучулар, ошол жеңүүчү деп табылган ай ичиндеги BAKAI Store промокдун алууга укуктуу болгон адамдардын катарынан чыгарылат.

5.1.3. 3.3.2. пунктта көрсөтүлгөн катышуучулар Акциянын кийинки айларында BAKAI Store промокоддорун алуу укугуна ээ болушат.

5.1.4. Бул категориянын жеңүүчүлөрү Акция жүргүзүлгөн бардык мезгилиндеги ар айлык байгелерди (AirPods Max) ойнотууга катышышпайт

5.1.5. Бул категориянын жеңүүчүлөрү бардык үч айдын жыйынтыгы боюнча Акциянын негизги байгеси - DYSON Стайлерин ойнотууга катышуу укугун жоготушпайт.

**5.2. Ар айлык жеңүүчүлөр категориясы:**

5.2.1. Тиешелүү айда эң көп сандагы транзакция жүргүзгөн катышуучу ошол айдын жеңүүчүсү деп табылат – байге: **AirPods Max**

5.2.2. Айдын жеңүүчүсү болуп табылган катышуучулар Акциянын калган айларында белектерди ойнотууга кайрадан катышуу укугун жоготушат.

5.2.3. Бул категориянын жеңүүчүлөрү бардык үч айдын жыйынтыгы боюнча Акциянын негизги байгеси - DYSON Стайлерин ойнотууга катышуу укугун жоготушпайт.

**5.3. Баш байгенин категориясы:**

5.3.1. Акциянын бардык мөөнөтүндө эң көп транзакция жасаган катышуучу жеңүүчү деп табылат. Байге: **DYSON фен-стайлери.**

5.3.2. Баш байге DYSON стайлерин ойнотууга бардык катышуучулар катыша алышат, төмөнкүлөр дагы:

5.3.3. ар жумалык категориялардын жаңүүчүлөрү;

5.3.4. ар айлык категориялардын жеңүүчүлөрү;

5.3.5. BAKAI Store промокоддорун алган катышуучулар.

**5.4. BAKAI Store промокоддору.**

5.4.1. Акциянын алкагында 1 000 (миң) сом номиналы менен 1000 (миң) промокод чыгарылат, алар BAKAI Store сервисинде кайсы болбосун товрады сатып алган учурда арзандатууга ээ болуу укугун берет.

5.4.2. Банктын автоматтык системасынын маалыматына ылайык эки жүзүнчү транзакциянын ээси болуп саналган катышуучу промокоддордун ээси болуп саналышат.

5.4.3. Ушул Эрежеде макулдашылган учурлардан тышкары, ар бир катышуучу Акциянын шарттарын аткарган учурда промокоддордун чексиз санына ээ болууга укуктуу;

5.4.4. Промокод BAKAI Store сервисинде колдонуу үчүн үчүнчү жактарга берилиши мүмкүн.

5.5. Акциянын алкагында BAKAI Store промокоддору Акциянын мөөнөтү аяктай электе толук бөлүштүрүлгөн (түгөнгөн) болсо, анда Банктын рамий маалымат каналдары аркылуу Катышуучуларга промокоддор мөөнөтүнөн мурда аяктагандыгы тууралуу билдирилет.

5.6. Ушундай билдирүү жасалгандан кийин Акциянын шарттарын аткарышкан Катышуучулар промокод алуу укугуна ээ болушпайт.

5.7. Ар бир промокод бир жолу гана колдонулат. Бир операцияда бир эле учурда бир нече промокоддорду колдонууга жол берилбейт.

5.8. Промокоддун мөөнөтү аны алган учурдан баштап 30 (отуз) календардык күндү түзөт.

## 6. АКЧАЛАЙ СЫЙ АКЫЛАРДЫ ЖАНА БЕЛЕКТЕРДИ АЛУУ ТАРТИБИ

6.1 Белгилүү бир категорияда жеңүүчү деп таанылган Акция катышуучусуна ал жеңүүчү деп табылган учурдан баштап 3 (үч) жумуш күндүн ичинде саат 09:00:00дөн баштап саат 20:00:00 гө чейин «BAKAI» мобилдик тиркемесине уткандыгы тууралуу push-билдирүү жөнөтүлөт.

6.2 Уткан учурда Уюштуруучу push-билдирүү жөнөтүлгөндөн кийин жеңген катышуучуга телефон чалуу жүргүзөт.

6.3 Жеңүүчүгө алгачкы чалуу жүргүзүлгөндөн кийин 3 (үч) календардык күндүн ичинде кеминде 3 (үч) жолу чалуу жүргүзүлөт. Ошол эле учурда Жеңүүчүнүн абоненттин номеринин жеткиликсиз болуусу (мисалы: жеңүүчүнүн мобилдик телефону өчүрүлгөн, тармак тейлеген аймактан тышкары болсо) Уюштурууучу тарабынан кошумча чалуулардын жүргүзүлүшү үчүн негиз боулп саналбайт.

6.4 Жеңүүчү менен белгилүү бир мөөнөттө байланышуу мүмкүн эмес болгон учурда, белекти алуу укугу кезектүүлүк тартипте кийинки катышуучуга өткөрүлөт.

6.5 Банк Акциянын ар бир айынын жыйынтыгын тиешелүү отчеттук айдын жыйынтыктары чыгарылган күндөн баштап 10 (он) календардык күндөн кечиктирбестен Банктын расмий маалымат каналдарында жарыялап турат.

6.6 Акциянын алкагында жеңүүчү деп табылган катышуучу белекти алуу үчүн Банкка өздүгүн тастыктоочу төмөнкү документтердин бирин көрсөтүүгө милдеттүү:
   - Катышуучунун өздүгүн же каттоосун тастыктоочу “Түндүк” санариптик документ;
   - КР жаранынын паспорту же ID-картасы;
   - Чет элдик жарандын паспорту.

6.7 Банк жеңүүчүлөргө белектерди тапшырууда Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарында каралган салыктарды (байгенин наркынын суммасы боюнча жеке адамдардын кирешесинен алынчу салыкты дагы) жана алымдарды өзү төлөйт.

6.8 Байгени алууда жеңүүчү өзүнүн жеке маалыматтары жана байге, анын КНСти эске алкагандагы наркы жөнүндөгү маалыматтар көрсөтүлгөн бардык тиешелүү документтерге кол коюуга милдеттүү.

6.9 Жеңүүчү бардык тиешелүү документтерге кол койгондон кийин гана ага байге берилет.

## 7. КАТЫШУУЧУЛАРДЫН УКУКТАРЫ ЖАНА МИЛДЕТТЕНМЕЛЕРИ

7.1 Катышуучу төмөнкүлөргө укуктуу:

- ушул Эрежелерде көрсөтүлгөн Акциянын шарттары, белектер жөнүндө, катышуу шарттары жөнүндө маалыматтарды алууга;
- Акциянын уюштуруучусу жөнүндө маалыматтарды алууга;
- ушул Эрежелерге ылайык Байге алууга;
- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жеке маалыматтарынын корголушуна укуктуу;

7.2 Акцияга катышуунун өзү Катышуучу ушул Эрежелер менен таанышып чыккандыгын жана алар менен макул экендигин билдирет.

7.3 Катышуучу төмөнкүлөргө милдеттүү:

- ушул Эрежелерди сактоого, Акцияга катышууга байланыштуу бардык аракеттерди ушул Эрежелерде каралган мөөнөттө аткарууга;
- Акциянын эрежелери аркылуу бекитилген бардык шарттарды жана талаптарды аткарууга;
- катышуу жана байгени алуу үчүн Банкка анык жеке маалыматтарын берүүгө;
- Белек алган учурда аны алгандыгын тастыктоочу бардык тиешелүү документтерге кол коюуга;
- Акциянын калыс жана адилет өтүүсүнө тоскоол болуучу ыкмаларды (чоочун маалыматтарды колдонуу, көп ирет катталуу, тиркемеде бир нече аккаунттан катышуу, байгелерди эрежелерди бузуу менен башка адамдарга берүү) колдонбоого, ушул Эрежелерди айланып өтүүгө багытталган кандай болбосун аракеттерди жасабоого же адилетсиз артыкчылыктарды түзбөөгө.

## 8. БАНКТЫН УКУКТАРЫ ЖАНА МИЛДЕТТЕНМЕЛЕРИ

8.1 Банк Акция өткөрүүгө, ошондой эле ушул Эрежелерге ылайык Катышуучуларга утуштарды берүүгө милдеттүү.

8.2 Банк кайсы учурда болбосун Акцянын Эрежелерине өзү каалагандай өзгөртүүлөрдү киргизүү, ошондой эле Акцияны узартуу, токтотуу же Акциянын Эрежелерине өзгөртүү киргизүү жөнүндөгү маалыматтарды Банктын расмий сайтына жана башка маалыматтык каналдарына жайгаштыруу укугун өзүндө калтырат. Акциянын шарттарына киргизилген бардык өзгөрүүлөр Банктын расмий сайтында жайгаштырылат жана ошол маалыматта көрсөтүлгөн мөөнөттө күчүнө кирет.

8.3 Банк Катышуучулардын, Жеңүүчүлөрдүн маалыматтарын толтуруу үчүн керектүү болгон, ушул Эрежелерде каралган керектүү маалыматтарды жана документтерди Катышуучулардын суроого укуктуу.

8.4 Банк колдонулбаган Байгелерди Акциянын катышуучуларын бөлүштүрүүгө же аларды өзү каалагандай башкача пайдаланууга укуктуу.

8.5 Банк төмөнкү учурларда Жеңүүчүгө Ба йгени берүүдөн баш тартууга жана\же кабарлабастан туруп, Жеңүүчүнү Акциядан чыгарууга укуктуу:

- утуш жөнүндө билдирилген учурдан баштап 3 (үч) жумуш күндүн ичинде жеңүүчү Банкка кайрылбаса;
- жеңүүчү ушул Эрежелердин 5.6. пунктунда көрсөтүлгөн документтерди утуш тууралуу жарыяланган учурдан баштап 5 (беш) календардык күндүн ичинде бербесе, же берилген

документтер ушул Эрежелердин жана\же Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарынын талаптарына ылайык келбесе;

– утуш тууралуу билирдилген учурдан баштап 3 (үч) календардык күндүн ичинде Жеңүүчү менен байланышуу мүмкүн эмес болсо (абоненттик номери бөгөттөлгөн, тармак тейлеген аймактан тышкары болсо, Жеңүүүчү чалууларга жооп бербесе\ Банктан көз карандысыз болгон себептер менен байланышка чыкпаса);
– Катышуучу же Жеңүүчү Акциянын шарттарын бузган учурлар аныкталса;
– Катышуучу Байгени мыйзамсыз жол менен алуу үчүн алдамчылык аракеттерди жасагандыгы боюнча негиздүү шектенүүлөр бар болсо;
– суусундукту төлөөдө сакталган же телефондун галереясынан алынган QR-код колдонулса.

8.6 Банк Акция жүргүзүлгөн мезгил ичинде Акциялардын жыйынтыктары чыгарылган учурдан баштап 10 (он) календардык күндөн кечиктирбестен, жеңүүчүлөрдү көрсөтүү менен жыйынтыктарды Банктын расмий маалыматтык каналдары аркылуу жарыялоого укуктуу.

9. **ЭСКЕРТҮҮ**

9.1 Жеңүүчүлөр кайсы болбосун себептер боюнча байгелерди алуудан баш тартса, же талап кылынбаса, ал байге Банктын менчигинде калтырылат жана Банк аны өзү каалагандай пайдаланууга укуктуу.

9.2 Жеңүүчү ушул Эрежелерде каралган талаптарды аткарбаган учурда Банк ага Байгени берүүдөн баш тартууга укуктуу.

9.3 Банк төмөнкүлөр үчүн жоопкерчилик тартпайт:

– Катышуучулар Банктын расмий сайтында жайгаштырылган Жеңүүчүлөрдүн тизмеси менен тааныша албай калышкандыгы үчүн;
– Катушуучулардын күнөөсү боюнча же Катышуучунун жана\же Банктын эркинен көз карандысыз болгон башка себептер боюнча Белектерди алуу үчүн керектүү болгон маалыматтарды\документтерди албай калгандыгы\өз учурунда албагандыгы үчүн;
– Катышуучу ушул Эрежелерде каралган талаптарды аткарбагандыгы (өз учурунда аткарбагандыгы) үчүн;
– Белек талап кылынбаган же баш тартылган учурда Акциянын Жеңүүчүсү белекти албай калгандыгы үчүн;
– үчүнчү жактардын күнөөсү боюнча жана\же каршы тура алгыс күчтөрдүн (форс-мажор) айынан Жеңүүчүгө байгени тапшыруу мүмкүн эме болгондугу үчүн;
– Акциянын катышуучусу каттоо маалыматтарында көрсөткөн маалыматтардын, байланыш маалыматтардын жана башка маалыматтардын туура эмес же толук эмес болгондугу үчүн;
– байланыш маалыматтары боюнча Акциянын Катышуучусу менен байланышууга, же берилген маалыматты Акциянын максатында же Белекти берүү үчүн пайдаланууга мүмкүн эмес болгондугу үчүн, ошондой эле Банктан көз карандысыз болгон башка себептер үчүн;
– Белек Жеңүүчү күткөндөй болбогондугу үчүн (тышкы көрүнүшү, функционалдуулугу, комплектациясы жана баша субъективдүү мүнөздөлүштөрү.

9.4 Эгерде жүргүзүлгөн транзакциялардын саны жуманын акырында 8000ден же 16 000ден аз болуп калса, анда белек жогоруда көрсөтүлгөн санга жакын, бирок алардан ашпаган иреттик сандагы транзакцияны жүргүзгөн катышуучуга ыйгарылат. Мисалы: 16 000-транзакция жүргүзүлбөгөн болсо, анда белекти 15 999- транзакцияны жүргүзгөн катышуучу алат ж.б.

9.5 Катышуучу Акцияга катышуу менен төмөнкүлөрдү тастыктайт:

– ушул Эрежелер менен таанышып чыккандыгын жана алар менен макул экендигин;
– фото жана видео тартууларга катышууга, ошондой эле өзүнүн жүзү Банктын расмий сайты же барактары аркылуу социалдык тармактарга жайылтылышына макул экендигин;
– Акцияны өткөрүү максатында өзүнүн жеке маалыматтарынын Банк тарабынан топтолушуна, иштетилишине жана сакталышына макулдугун бергендигин.

9.6 Байгенин өнүрүштүк кемтиги бар болсо, Жеңүүчү Банктын Башкы кеңсесине (Бишкек ш., Мичуринк көч. 56 дареги боюнча) Байге берилген жана өткөрү- кабыл алуу актысына кол коюлган күндөн кийинки жумуш күндөн кечиктирбестен кайрылышы керек. Кайрылган учурда

тастыктоочу документти (Байгени кабыл алуу-өткөрүү актысын жана паспортун) көрсөтүшү керек.

9.7 Байге Жеңүүчүгө берилгенден кийин ошол Байгени колдонуу же сактоо эрежелерин бузгандыктан, ошондой эле үчүнчү жактар тарабынан жасалган, же каршы тура алгыс күчтүн (форс-мажор) кесепетинен Байгеге келтирилген залалдар үчүн Банк жоопкерчилик тартпайт.